**Жөнөкөй электрондук колтамганы пайдалануу жөнүндө**

# МАКУЛДАШУУ

**Бишкек ш.** **«____»___________2023-ж.**

**«Замат Финанс» Микрокредиттик компаниясы» ЖЧК**, Уставдын негизинде аракеттенген, Башкы директору Курманбаев Дастан Жыргалбековичтин атынан, мындан ары **«МКК»** деп аталган, бир тараптан, жана

**[ФАА толугу менен], [туулган күнү], [паспорттун сериясы жана номери],** берилген **[берген орган жана дата], [катталган дареги]**, мындан ары **«Колдонуучу»** деп аталган, экинчи тараптан,

мындан ары чогуу «Тараптар», ал эми өзүнчө – «Тарап» деп же жогоруда көрсөтүлгөндөй аталгандар,

МКК Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык иш жүргүзүп жана аралык режиминде микрокредиттерди бере турганын ***эске алуу менен,***

Колдонуучу тиешелүү кредит келишиминде белгиленген шарттарда МКК кызмат көрсөтүүлөрүн алууга кызыкдар экенин жана ниеттенгендигин ***эске алуу менен***,

Тараптар төмөндөгүлөр жөнүндө ушул Жөнөкөй электрондук колтамганы пайдалануу жөнүндө макулдашууну (мындан ары текст боюнча – «Макулдашуу») түзүштү:

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

1.1. Электрондук колтамга же ЭК – электрондук формадагы башка маалыматка кошулган жана (же) ага логикалык жактан байланышкан, атынан маалыматка кол койгон адамды аныктоо үчүн пайдаланылуучу электрондук формадагы маалымат. Колдонуучунун Электрондук колтамганы пайдалануусу (Колдонуучунун катталган телефон номерине SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду активдештирүү) 2017-жылдын 19-июлундагы «Электрондук колтамга жөнүндө» КР Мыйзамынын талаптарына ылайык Колдонуучунун өз колу менен койгонгон окшош юридикалык аракеттерди тастыктайт.

1.2. Электрондук колтамга менен коюлган бардык документтер Колдонуучунун өз колу коюлган кагаз түрүндөгү документтер менен бир мааниде болуп саналат.

1.3. Колдонуучунун мобилдик телефонунун номери –Кыргыз Республикасынын аймагында Колдонуучуга катталган, мобилдик уюлдук байланыш оператору берген тартипте Колдонуучу тарабынан көрсөтүлгөн жана тастыкталган мобилдик телефондун номери.

1.4. Веб-сайт – МККга катталган жана МКК иш процессинде пайдаланылган, онлайн режиминде микрокредитке билдирме тариздөөгө жана МКК менен Колдонуучунун ортосунда маалымат алмашууну, ошондой эле Тараптардын өз ара мамилелерин камсыздаган документтерге Электрондук колтамга менен кол коюуга мүмкүндүк берген, Интернет тармагындагы расмий сайт.

1.5. Жеке маалымат – Колдонуучуга түздөн-түз же кыйыр түрдө тиешелүү болгон ар кандай маалымат, анын ичинде Колдонуучунун өздүгүн идентификациялоочу жеке маалыматтар.

## 2. МАКУЛДАШУУНУН ПРЕДМЕТИ

2.1. Ушул Макулдашуу Колдонуучунун жөнөкөй электрондук кол тамганы пайдалануу тартибин жана шарттарын аныктайт:

2.1.1. маалыматтын сакталышын жана Колдонуучу тарабынан мыйзамдуу пайдаланылыш камсыздоо үчүн (Колдонуучунун Мобилдик телефон номерине SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду активдештирүү);
2.1.2. Колдонуучунун Электрондук колтамгасы менен коюлган ар кандай электрондук документтерди Тараптар ортосунда алмашуу үчүн;
2.1.3. МКК кызмат көрсөтүүлөрүн алуу үчүн зарыл болгон, МКК Веб-сайтында жайгаштырылган документтерге Колдонуучунун кол коюусу үчүн.

2.2. «Электрондук колтамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболорун, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актыларын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле ушул Макулдашуунун жоболорун жетекчиликке алуу менен Тараптар МККнын Веб-сайтында Колдонуучу тарабынан жүзөгө ашырылуучу бардык иш-аракеттер жана Пайдалануучунун Электрондук колтамгасы менен кол коюлган микрокредит берүүгө тиешелүү документтер Колдонуучунун өз колу менен коюлган кагаз жүзүндөгү документтерге теңештириле тургандыгы жөнүндө макулдашышты.

## 3. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

3.1. Тараптар ортосунда электрондук өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо максатында МКК Колдонуучуга берет, бирок булар менен чектелбейт:

3.1.1. МККнын Веб-сайты;
3.1.2. Колдонуучунун Мобилдик телефон номерине SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын код.

3.2. МККнын Веб-сайты Колдонуучу жөнүндө маалыматтын купуялуулугун камсыздайт.

3.3. Ушул Макулдашууга кол коюу менен Колдонуучу анын шарттары менен, ошондой эле Веб-сайтта жайгаштырылган документтер менен таанышканын ырастайт.

3.4. Ушул Макулдашууга кол коюу менен Колдонуучу өзүнүн шартсыз макулдугун берет:

- ушул Макулдашууну, кредит келишимин жана Тараптардын ортосунда түзүлгөн башка келишимдерди аткаруу максатында Колдонуучунун ар кандай жеке маалыматтарын пайдалануу. Колдонуучу үчүнчү жактардын жеке маалыматтарын бергенде, Колдонуучу КР мыйзамдарынын талаптарына ылайык, ушул үчүнчү жактардын макулдугун алуунун мыйзамдуулугу жана анын бар экендиги үчүн жеке жоопкерчилик тартат.
- МККнын ыйгарым укуктуу кызматкерлери тарабынан Колдонуучу жөнүндө ар кандай маалыматтарды, анын ичинде жеке маалыматтарды берүү жана/же алуу, ошондой эле ал жөнүндө маалыматтарды берүү / ачуу учурунда Тараптар макулдуктарды алуу үчүн келечекте МККнын ыйгарым укуктуу адамынын электрондук колтамгасы колдонула турганына макул болушат.

3.5. Ушул Макулдашууга кол коюу менен Колдонуучу ушул Макулдашуунун реквизиттеринде көрсөтүлгөн мобилдик телефондун номери ага мобилдик уюлдук байланыш оператору тарабынан берилгендигин жана Колдонуучу тарабынан ушул Макулдашуудан келип чыккан документтерге Электрондук колтамга менен кол коюу үчүн зарыл болгон атайын кодду алуу үчүн пайдаланыла турганын күбөлөндүрөт.

3.6. Колдонуучунун реквизиттерде көрсөтүлгөн Мобилдик телефон номерин алмаштыруусу / жоготуусу Тараптардын ортосундагы андан аркы электрондук өз ара аракеттенүүнүн мүмкүн эместигине алып келет жана жаңыртылган (актуалдуу) маалыматтар менен ушул Макулдашууну кайра түзүүнү талап кылат.

## 4. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**4.1. МКК укуктуу:**

4.1.1. http://www.doke.kg/ дареги боюнча МККнын Веб-сайтында жайгаштырылган документтерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө

4.1.2. бул тууралуу Колдонуучуга бузуу күнүнө чейин 15 (он беш) календардык күн мурда билдирип, бир тараптуу тартипте ушул Макулдашууну бузууга.

**4.2. МКК милдеттенет:**

4.2.1. ушул Макулдашуу боюнча өз милдеттерин талаптагыдай аткарууга;

4.2.2. купуялуулук жоболорун сактоого.

**4.3. Колдонуучу милдеттенет:**

4.3.1. МККга Жеке маалыматтарын берүүгө;

4.3.2. ушул Макулдашуу боюнча өз милдеттерин талаптагыдай аткарууга;

4.3.3. өзүнүн маалыматтары өзгөргөндүгү жөнүндө токтоосуз Колдонуучуга кабарлоого;

4.3.4. атайын код жөнүндө маалыматты үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоого жана бербөөгө;

4.3.5. Мобилдик телефон номерин алмаштыруу/жоготуу/уурдатуу жөнүндө МККга токтоосуз кабарлоого;

4.3.6. Электрондук колтамганы пайдаланганы үчүн МККнын алдында жоопкерчилик тартууга.

**4.4. Колдонуучу укуктуу:**

4.4.1. бул тууралуу МККга бузуу күнүнө чейин 15 (он беш) календардык күн мурда кабарлап, бир тараптуу тартипте ушул Макулдашууну бузууга.

## 5. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

5.1. Тараптар ушул Макулдашуу боюнча өз милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерине ылайык жоопкерчилик тартышат.

5.2. Эгерде тиешелүү бузуу башка Тараптын өз милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгы менен шартталса, Тараптар ушул Макулдашуу боюнча өз милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн жоопкерчилик тартышпайт.

## 6. БАШКА ШАРТТАР

6.1. Тараптардын биринин дагы ушул Макулдашуу боюнча өз укуктарын жана милдеттерин экинчи Тараптын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз үчүнчү тарапка берүүгө укугу жок.

6.2. Ушул Макулдашуудан келип чыккан бардык талаш-тартыштарды Тараптар сүйлөшүүлөр жолу менен чечишет. Эгерде Тараптар көрсөтүлгөн тартипте компромисске жетишпесе, ушул Макулдашуудан келип чыккан бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер КРнын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык КРнын жалпы юрисдикциясынын сотторунда каралат.

6.3. Ушул Макулдашуу бирдей юридикалык күчкө ээ болгон, Тараптардын ар бири үчүн бир нускадан, орус тилинде 2 (эки) окшош нускада түзүлдү жана кол коюлд.

## 7. ТАРАПТАРДЫН ДАРЕКТЕРИ, РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

| | |
|---|---|
| **«Замат Финанс» МКК» ЖЧК**<br>Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,Токтогул көч. 125/1<br>ИСН: 02810202210184<br>ИУЖК: 31682329<br>Банк: «Дос-Кредобанк» ААК<br>БИК : 121008<br>Э/эсеп № 1212000200369082<br><br><br>_______________________Курманбаев Д.Ж. | **Колдонуучунун ФАА**<br>**Паспорт: [сериясы, номерм, берген орган жана дата]**<br>**Катталган дареги: [катталган дареги]**<br>**Иш жүзүндөгү дареги: [жашаган дареги]**<br><br><br><br><br><br>_______________________ |